*УДК 781.7*

*Дүйшалиев К.Ш./КЫРГЫЗСТАН/*
*Дюшалиев К.Ш./КЫРГЫЗСТАН/*
*Diushaliev K.Sh./KYRGYZSTAN/*

## АРСТАНБЕК - КЫРГЫЗ ООЗЕКИ САЛТТУУ МУЗЫКАЛЫК-ПОЭТИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН КЛАССИГИ

## АРСТАНБЕК - КЛАССИК КЫРГЫЗСКОЙ УСТНОЙ ТРАДИЦИОННОЙ МУЗЫКАЛЬНО-ПОЭТИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ

## ARSTANBEK - A CLASSICAL OF KYRGYZ ORAL TRADITIONAL MUSICAL AND POETICAL CULTURE

**Аннотация.** Оозеки салттуу профессионалдык ырчылык жана комузчулук музыкасынын тарыхында аттын кашкасындай таанымал болгон чоң төкмө акын инсандарыбыздын бири Арстанбек Буйлаш уулу өзгөчө орунду ээлеп улуттук көркөм өнөрдүн эки чоң тармагында бирдей эмгек өтөп, бир жагынан төкмө акынчылыкты, экинчи жагынан комузчулук күүчүлүктү параллель алып бир топ жакшы ийгиликтерди жаратып кеткен. Биринчиден, ошол замандык залкар ырчы акыны катары өзү жашаган XIX-кылымда өкүм сүргөн саясий идеологиялык (Ак падыша империясы, Кокон хандыгы) актуалдуу маселелерге көңүл буруп өзүнүн көчмөн коомдук аң-сезимдерин даана түшүнүп, билип, элдин турмуш-тиричилигин ошондогу көндүм жанрлар ыр-күү музыкалык-поэтикалык чыгармаларда курч проблемалуу темаларда эч тартынбастан өзү черткен комуздун коштоосунда ырдап журт ичинде болуп жаткан социалдык окуяларды жана мамилелерди жаап-жашырбай, чындыкты түз айтып, адам кылык-жоруктарын реалдуу сүрөттөп берип турган.

**Негизги сөздөр:** Арстанбек, оозеки салттуу профессионалдык ырчылык, комузчулук музыкасы, көчмөн коомдук аң-сезими.

**Аннотация.** В истории традиционного профессионального устного пения и комузной музыки особое место занимает один из наших великих поэтов токме, Арстанбек Буйлаш уулу, которого называют «лошадиной спиной», который одинаково работал в двух основных областях национального искусства, с одной стороны, поэзии токме, а с другой, комузной музыки, и добился больших успехов. Во-первых, как великий певец-поэт того времени, он обращал внимание на актуальные политические и идеологические вопросы XIX века (империя Ак-царя, Кукунское ханство), ясно понимал и знал свое кочевое общественное сознание, и он изображал жизнь и быт народа в популярных тогда жанрах, песнях, музыкально-поэтических произведениях, на острые проблемные темы, не стесняясь, пел под аккомпанемент комуза, на котором играл, не скрывая и не скрывая общественные события и отношения, происходящие в народе, прямо говоря правду, реалистично описывая поведение и пороки людей.

**Ключевые слова:** Арстанбек, устное традиционное профессиональное пение, музыка комуза, кочевое общественное сознание.

**Abstract.** In the history of traditional professional oral singing and komuz music, one of our great tokme poets, Arstanbek Buylash uulu, who is known as a horse's back, occupies a special place, having worked equally in two major fields of national art, on the one hand, tokme poetry, and on the other, komuz music, and has achieved great success. First, as a great singer-poet of that time, he paid attention to the current political and ideological issues of the 19th century (the Ak Tsar Empire, the Kokon Khanate), clearly understood and knew his nomadic social consciousness, and he depicted the life and livelihood of the people in the then popular genres, songs, musical and poetic works, on acute problematic topics, without hesitation, singing to the accompaniment of the komuz he played, without hiding or hiding social events and relations occurring in the people, telling the truth directly, and realistically describing human behavior and vices.

**Keywords:** Arstanbek, oral traditional professional singing, komuz music, nomadic social consciousness

Арстанбектин ырларын укканда аларды өздөрүнүн философиялык-идеялык түшүнүктөрүнүн деңгээлине жараша кабыл алышып жактыргандар да, жактырбагандар да болгон.

XIX кылымда жашап кеткен Чоңду деген төкмө акын Арстанбек менен айтышка чыгып ырдап, бир учурда төмөнкү ыр саптарын айткан экен:

Арстанбек, сен санат ырга мыктысың,
Башкаларды сабалап ырдап жыкчусуң.

Залкар акындын санат-насыят ырлары адилеттүү изилдөөлөрдүн натыйжасында туура баасын алып Арстанбек сүттөй аппак чындыкты ырдаган, олуядай көзү ачык демократ акын экендиги далилденип, анын нагыз чыгармачыл улуулугу аныкталды. Ушундай ырчы акынга берген асыл баалардын бирин мисал катары белгилүү эстетик, философия илимдеринин доктору Кадырбек Матиевдин мындай пикирин айта кетели: "... гуманисттик концепция Арстанбектин жалпы чыгармачылыгына мүнөздүү. Ошондуктан акын адамдын жүрүш-турушундагы, мүнөзүндөгү түркүн белгилерди, жышаандарды мерчемине жеткире, кыябына келтире элес берүүгө зергердей уста эле"[1].

Кыргыздардын башка элге көз каранды болбой эркин жашоого чакырык жасоону көздөөгө, Токтогулдун тоо булбулунан мурун чыккан чыгаан патриот, төкмө акын катары өзүнүн гуманисттик мотив-идеяларын улуу Сатылган уулунун идеяларына окшогон карапайым элдин эгемен жыргалчылыгы үчүн күрөшкөндүгүн эске алганда, анын саясий аң-сезими жана чыгармачылык таланты менен өзүнөн кийинки муундагы прогрессивдүү ырчы акындарга жана комузчуларга жол көрсөтүп кеткендигин баса белгилеп кетүү керек.

Арстанбектин XIX-кылымдагы саясий "заманчыл" кыргыз акын – ойчул –гуманист жазуучулары сыяктуу "замана" темасына арнап ырдаган ырлары жана күүлөрү Падышалык Россиянын кыргыз дарга болгон калпыс саясатынын таасири астында пайда болгону да бекеринен эмес.

Арстанбек Буйлаш уулу ырды нөшөрлөтө төгүү менен бирге салттуу обон-кайрыктардын, комуз аспаптык пьесалардын да автору болгон. Айрым комузчулардын айткандарына караганда ал болжолу беш жүздөй күүлөрдү ойногон.

Мындай маалыматты белгилүү музыка таанучу, Кыргыз Республикасынын эл артисти Балбай Алагушев менен белгилүү кинорежиссер, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси Шер-Нияз Садыктын "Ак таңдайлар" деген китебинде жазганы бар. Бул авторлор белгилегендей кыргыз фольклористикасына зор салым кошкон атактуу илимпоз Каюм Мифтахов 1922-жылы Арстанбек жөнүндө маалымат жыйнап, анын 37 күүсүнүн аттарын жана алардын арасындагы "Зар заман шыңгырамань","Арманды" ж.б.жазган.

Ал эми Александр Викторович Затаевич Арстанбектин "Зарзаман шыңгырамасын" Карамолдо Орозовдун аткаруусунда, "Зарзаманын" Мураталы Күрөңкеевдин аткаруусунда 1928-жылы Пишпекке келип нотага түшүрүп, "Кыргыздын 250 аспаптык күүлөрү жана ырлары" 1934-жылы Оренбургда чыккан китебине жарыялаган. (107-бет, №73, 147-бет,№92).

Ал эми Ысык-Көлдүн Бугу уруусунан чыккан саясий ишмер, чоң манап, ошол кездеги областтын губернатору болгон Боронбай бий күнү бүтүп өлөөрүнүн алдында айыл башчыларын ак өргөөсүнө чогултуп алып тууган-уруктарына салттуу жөрөлгөнү сактоо менен акыркы "Керээз" сөзүн угузганда, аларга кайрылып:"

Дыйканчылыкка көнгүлө, мал багып, бак тигип, эгин айдагыла ... жаңы келген орустар менен ынтымакташып жашагыла, ... ичеримди ичтим, жээримди жедим, ашыма ат чаптырып, калың кара сойбогула" деп Боронбай өзүнүн социалдык насаатын айтып маңдайында кайгырып отурган акын-комузчу Арстанбек өзүнүн муңдуу күүсүн шолоктото черткен экен.

Ошондо кыраакы киши Боронбай аны карап жылмайып койгондо, ал Боронбайдын чекесинен сылап, колунан өөп, көзүнөн мөлтүрөтө жаш төгүп коштошкон экен"[2].

Арстанбектин комуз аспаптык музыкалык чыгармачылыгы жөнүндөгү теманы

[1]Садык Алахан. Арстанбек. Элдик китепкага сериясы. –Б., 2024. 44-б.

[2]Алагушев Б., Шер-Нияз С. Ак таңдай. –Б.,Бийиктик, 2003, 65-б.

утурлап айта турган болсок, анын комузчулук өнөрүн билгендер жана уккандар тарабынан айтылган маалыматтарга таянып көңүл буруу изилдөөчүлүк максаттарга ылайыктуу.

Бул жагынан алганда Арстанбектин айрым учурлары оозеки салттуу музыка боюнча «Күү мелдеши» формасында“жүрүп илгертеден бери айтыш сыяктуу калыптанып калган “Күу чертиш” деген ат менен аталган аспаптык музыка жанрында жарышка чыккан музыканттардын таймаштык аткаруучулук талантына кызыккандык калкыбыздын музыка чөйрөсүндө өзүнчө каада-салт катары кабылданып өзүнчө бир көркөм дөөлөттүү этноэстетикалык музыкалык көркөм өнөр боюнча музыкалык талантынын сулуулук рахатына бөлөнүү көрүнүшүнүн бир мисалы Арстанбектин комузчулугунан көрүшкөн. Бүгүнкү күндүн белгилүү залкар күүчү-комузчусу жана учурдагы алдынкы катардагы салтуу комуз аспабын мыкты чабуучу усталардын бири Намазбек Уралиевдин интервьюсунда алынган маалымат боюнча Арстанбек Кокон хандыгынын Кушбек деген вазири өзүнүн дутар тарткан шериги менен келип Арстанбектин атасы Буйлаш бийге конок болуп жатып күү уккусу келип, рахатка батайын деп Буйлашка кайрылып:”Силерде күү черткен комузчулар болчу эле, ошолордон чакыртпайсыңбы?” дегенде бий жигиттерине “Алып келгиле” деп буйрук берет.

Өзбек мырза өзү менен кошо келген дутарчыны Арстанбек менен беттештирип сынап көрүп рахаттанайын деп экөөнү алмак-салмак ойнотуп табышмактатып укканда дутарчынын күүсүн Арстанбек комузда так өзүндөй чертип туруп, өзүнүн күүсүн ойноп кезекти дутарчыга берет. Дутарчы болсо комузчунун күүсүн ойноп баштап, орто жерине келгенде, кайрыктарын эстей албай жоготуп, жеңилгендигинен уялып токтоп калат. Ошондо Кушбек мырза Арстанбектин өнөрүн жактырып, угуп жөндөмүн жогору баалап ага сый көрсөтүп белек-бечкек бериптир.

Ошондон кийин Арстанбектин зоболосу көтөрүлүп аты элге тарап кеткен. “Көл кылаасында Бугу, Тынымсейит уруусунан бир чыгаан төкмө акын, комузчу чыгыптыр” деген кабар чагылгандай угулуп, ыр айтышка чыккан акындар сыяктуу “күү чертишүү” жанры боюнча таймашка катышкандыгы түндүк-түштүк кыргыздарга маалым болот. Акындын төкмөлүк шыгы ого бетер күчөп, далай кыргыз-казак акындары менен жолугушуп “Айтышка” түшсөм деген ой-тилек максаттары ичинде жүрөт. Азыраак болсо да андай максаттары ишке ашып, XIX кылымда катышышып бири-бири менен өнөр алмашууларда барышып-келишип өнөр күчүн сынашып, регионалдык улуттар аралык өнөр майрам катары саналып чоң салтанаттарга айланып бир тууган коңшу элдерди бириктирип, алардын мурунтадан бери келе жаткан саясий, социалдык-маданий ынтымагын чыңдап, акыл-сезимдерин курчутуп, “Манас” айтуучулук, күү чертүүчүлүк, өнөрүн сыноо ж.б.у.с. жарыштарды өткөрүшүп карапайым калктын көнүлүн ачып коомдук адатка айланган.

Мындай каада-салт калктын психологиясында бекем орун алып, аң-сезимине сиңип көнүмүш болуп социалдык турукташуу пайда болгон.

Натыйжада Арстанбек кыргыздын кыраан төкмөчүсү Жеңижок менен, боордош казак элинин кадырман акындары Картаңбай, Сүйүнбай менен айтышып ырдаган.

Таланттуу кыргыз өнөр адамдарынын өмүрүндө айрым бир маанилүү окуялар болуп, алардын чыгармачылык тагдырына таасир берилгендей Арстанбектин өнөр жолундагы кызыктуу нерсе болуп, анын чыгармачылыгында өзүнчө бурулуш сыяктуу окуя орун алган.

Кокон хандыгынан Кушбек деген киши налог маселеси менен келип Арстанбектин атасы Буйлаш бийдин үйүндө конок болот. Анын ээрчитип келген жан жолдошу өзбек элдик аспапта ойногон дутарчысы болгон. Буйлаш бий аларды коноктоп сый көрсөтүп жаткан учурда Кушбектин өтүнүчү менен дутарчы жана Арстанбек экөө “Күү чертишке” чыгышат.

Мөрөй Арстанбеке ыйгарылып ал Кушбектин чоң сыйлыктарына ээ болот. Конок узап кеткенден кийин Кушбек мырзанын Арстанбекке карата айтылган мактоо сөздөрүнө атасы Буйлаш, биздин божомолубузча, ынангандабы? же намыстангандабы? айтор,”Мен жаман аялыма теңелип олтура бербей, андан көрө эсиме келип мен Арстанбекке комуз жасатып берип мени

мактатып турайын" деп бир жигитине буйрук кылып, "Айтике устага эки бээ алып барып эки жакшы комуз жасатып кел" дегенде Айтике уста-комузчу улуу акынга татыктуу аспап болсун деп кынаптап туруп эки комуз жасап берген.

Комузду алып келип Арстанбекке карматканда ал төбөсү көккө жеткенче сүйүнүп комузчулугун андан ары өстүргөнгө тырышып, анын ырларынын мукамына мукам кошулуп, үн-добуштарынын даана ачылгандыгы текстердеги муундарды таптак айтуу анын аткаруу чеберчилигинин улам өсүп тургандыгынын далили эмеспи.

Арстанбектин музыкалык-поэтикалык чыгармачылыгын андан кийинки бөлүгүнө өтүп анын атактуу Алымбек датка менен байланышып ырчылык-күүчүлүк өнөрүнүн түштүктөгү Ош облусундагы Анжиян тарабында өөрчүгөндүгүн айтса болот. Адабияттартдагы фактылар көрсөтүп тургандай кыргыз ырчы-акындар менен комузчулардын өмүр чыгармачылыгы ар кандай жолугушууларга барып, талантын тартуулап той болобу, аш болобу же кандайдыр бир топтун көйгөйлүү маселелери болобу өнөр жарыштарына катышып, алардын сөз байлыгы кеңейип, атак-даңкы көтөрүлүп турууусу, алар үчүн өзгөчө номаддык традициялык популярдуулуктун аракети жана мектеби катары эсептелинген.

Кийинчерээк жагдай өзгөрүп олку-солку маанай түзүлүп тагдырдын ташы кулап кеткендей акындын атасы Буйлаш бий Клокон хандыгына налог төлөнбөй калгандыктан суракка түшүп калганда Арстанбек ал жакка барып атасын камактан чыгарыш үчүн Алымбек даткага айтып Кокон хандын ордосуна кирет.

Ошондо "Ысык-Көлдүк төкмө акын Арстанбек деген киши мыкты ырдайт экен укпайлыбы" деп Ордого чакыртып ырдатканда жактырып атасын бошоткон.

Сүйүнгөн бойдон Арстанбек атасын элине жеткирип, өзүнүн чыгармачылыгын күчөтүүгө бет алат. Алымбек датка болсо Арстанбектин аткаруу чеберчилигин көрүп "күү чертиш" жарыштарына кошуп сынайт. Арстанбек чебер комузчу катары жарыштарда өзү черткен күүнү ойноп туруп, "Кана эми менин черткен күүмдү силер ойноп бергиле" деп кезекти бергенде алардын эч кимиси ойной албай такалып күүнүн аягына чыга албай калган.

Түштүк жеринде Арстанбек кыргыз, өзбек, тажик элдери кошулуп уккан учурларда "чоң ырчы, чоң комузчу" деген атка конуп акын-комузчунун бедели кыргыздарда гана эмес коңшу элдерде да жайылгандыгы айдан ачык болуп, аны Алымбек датка жана датканын жардамчылары зор урмат, сый менен айлына узаткандагы окуялар жөнүндө профессор, азыркы изилдөөчү Тиллебаев Садык Алаханович мындайча жазган: "Ушундан тартып бир да каадалуу той, тамаша Арстанбексиз өтпөй калат. Эми Анжиян эмес, аркалыктардын ырчы, комузчуларынын эч кимиси Арстанбек менен беттеше албас болот"[3].

Арстанбектин күү чыгармачылыгынын анча көп эмес изилденишине көңүл буруп, анын өзү жаратып, аткарып кеткен жана эл арасынан күүчүлүк таланты менен суууурулуп чыгып, кайра элине күүлөрүн таштап жазып калтырган чыгармаларды онйоп чоң комузчунун деңгээлине жеткендигин эске салып салттуу комуз музыкасында калыптанып тарыхый мааниге ээ болгон.

Кыргыз, казак, өзбек эл аралык "Куу тартыш" жанры боюнча түзүлгөн мелдешке жеке өзү катышып бул татаал, зор музыкалык угум жөндөмдү талап кылган чыгармачылыктын өнүгүшүнө салымын кошкон музыкалуу куйма кулак инсан катары билишибиз керек.

Бул таризде Арстанбек бизге жеткен маалымат боюнча эки ирет күү жарышка чыгып байгеге ээ болгондугу белгиленген: 1-жолу өзбек дутарчысы менен, 2-жолу Ормон хандын өнөрпөз комузчусу Сейилхан менен "Күү чертишке" катышып байге утуп алган.

Эми XIX кылымда акын-комузчуга арналып Бишкекте Московсий көчөсүндөгү Гүлбакчада тургузулган чоң айкел эстеликтеги жазылган даталар боюнча: 1924-жылы туулуп, 1978-жылы өлгөн, болгону 56 жыл жашап өткөн кыргыз улуу төкмө акын-комузчусу жөнүндөгү макаланы аяктап жатып,

[3]Садык Алахан. Арстанбек. Элдик китепкана сенриясы. –Б., 2024, 26-б.

Арстанбек мындан үч кылым мурун жашап кетсе да, анын чыгармалары дайыма эскерилип өмүрүнүн экинчи жашоосун улантып жатат. Андай далилди бүгүнкү комузчулардын репертуарларында ойнолуп, ырдалып жаткан чыгармаларды жана Кыргыз радиосунун музыкалык редакциясынын "Алтын фондусуна" залкарлар Арстанбектин "Кой бөлөөрүн","Ыр-күүсүн" Самсалы Алике уулунун аткаруусунда "Ботоюн", "Сен дүйнөсүн"; Ыбрай Туман уулунун аткаруусунда жаздырылып, сакталып жана ошондой эле кайра-кайра эфирде уктурулуп тургандыгынан көрөбүз.

**Литература:**

1. Алагушев Б., Шер-Нияз С. Ак таңдай. –Б.,Бийиктик, 2003, 65-б.
2. Садык Алахан. Арстанбек. Элдик китепкага сериясы. –Б., 2024